УДК 94(575.2)+801.81+821.512.15

# КЫРГЫЗ МАМЛЕКЕТТҮҮЛҮГҮНҮН ИДЕЯСЫ ООЗЕКИ ЧЫГАРМАЛАРДА ЧАГЫЛЫШЫ (АКЫН ЖЕЪИЖОК, ТОКТОГУЛДУН ЫРЛАРЫНЫН НЕГИЗИНДЕ)
# ОПИСАНИЕ ИДЕИ КЫРГЫЗСКОЙ ГОСУДАРСТВЕННОСТИ В УСТНОМ НАРОДНОМ ТВОРЧЕСТВЕ. (НА ОСНОВЕ ПОЭЗИИ ПОЭТОВ ЖЕНИЖОК, ТОКТОГУЛ)
# A DESCRIPTION OF THE IDEA OF KYRGYZ STATEHOOD IN FOLKLORE. (BASED ON THE POETRY OF POETS JENIJOK, TOKTOGUL)

***Наркеев С.А – ЖАМУ, Аксы колледжи***

***Аннотация:*** *Бул эмгекте кыргыз элинин тарыхый эс тутумунда мамлекеттүүлүк идеясынын болгонун акындар Жеңижок, Токтогулдун ырларында так айтылганы анализге алынат.*

***Аннотация:*** *В этом статье анализируется как отражается государственность в народном творчестве, в том числе песни акына Женижока и Токтогула.*

***Annotation:*** *This article analyses the reflection of statehood in the works and songs of poets Jenijok and Toktogul.*

***Ачкыч сөздөр:*** *мамлекет, эл, улут, мекенди сүйүү жана бий, бек, кыргыз эли жери, этникалык өзгөчөлүк*

***Ключевые слова:*** *этнический идентичность, государства, государственность, народ, нация, любить родину, бий, бек.*

***Key words:*** *government, people, nation, love to country, Kyrgyz nation and Kyrgyz land, ethnic identification.*

Ар бир элдин тарыхый өнүгүү жолу, өгөчөлүгү болот, ал өзгөчөлүк , ал элдин этнонимине, жерине, дүйнө таанымына жана карманган адат-салтына байланыштуу. Арийне ушуга байланыштуу кыргыз эли деген түшүнүк, биздин эл үчүн мамлекеттүүлүктүн жалпылык мааниси катары элдин тарыхый эс тутумунда кабылданып жашап келген. Андыктан элибиздин алгачкы кыргыз ханы Манас биринчи кыргыздын башаты болгон Манас эпосунда биздин элибиз мекенин эч качан унутпастан тарыхый эс тутумдарында бекем сактап, жашап келген орто азиядагы эң байыркы эл бул кыргыз эли экендигин тарыхый булактарда бирде кыргыз, бирде калпак кийген эл, кээде ат минген эл деп тарыхта өз аты менен таанылган улут, эл болуп саналат. Элибиздин кылымдар бою кыргыз деп аталган этникалык атын жоготпой жашап келгендиги, элибиздеги залкар ойлордун сөз кереметинин курчтугунда жана элдик ырлардын так, таамай айтылышы менен кыргыз атын сакатап келишинен эң башкы сырлары элдик ырлардын жана салттардын атадан балага улам ыйык сакталып өтүп келишинде жана андан кийнки баатырларыбыздын, эл башчыларынын элдин ынтымагын бекем сактагандыгында жа алар элди кыймылга келтирип, улут, мамлекет болуп калыптанышына даңгыр жол салган. Манас баш кыргыз хандары байыртан эле элдин, жердин тагдырын бири-бири менен тыгыз байланышта караган, ошондуктан Манас эпосунда:

Атамдан калган Анжиан,
Анжианды барып албасам.

Деген ыр саптары ата-бабадан калган Фергана, байыркы Давань-Дабан деп аталган мамлекетибизди, башкача айтканда Фергана аймагын кытайдын аскердик колунан бошотуп алып, туулган жерди, элди азатыкка чыгаруу эң ыйык маселе экендигин жалпы кыргыз элинин улуу курултайында жар салып кабарлаган. Эл башылары, бийлер, бектер эл ырчылары акындар аркылуу кыргыз элинин айланасына бириктирген, ошондуктан кыргыз эли деген этникалык жалпы түшүнүк негизделип, анын негизинде кыргыз эли - бул мамлекеттик, мамлекеттүүлүктүн накта бир классикалык формасы же кыргыз элинин

мамлекеттигинин өзгөчө бир формасы болгон. Бул багытта А.Н.Гумилевдин[1] бир сөзү менен айтканда: «Этнос дегенибиз өзүн башка жамаатардан өзгөчөлөп бөлүп туруучу адамдардын жамааты экен. Тарыхый мезгилдерде жаралып жана кайра жоголуп турганына карабай, этнос аздыр көптүр туруктуу келет», андыктан кыргыз этносу эң байыркы эл экендиги тарыхтан бизге белгилүү. Биздин элди кылымдардан бери аракетке келтиргенибиз биздин кыргыз элинин байыркы бай тарыхый материалдык маданиятыбыз жана элибиздин элдик оозеки чыгармычылыгындагы күчтүү идеялык баалуулуктарыбыз бар экендигинде.

Кыргыз элибиздин этникалык жактан жалпылыгыбызды түзүүдө, Манас, Бакай, Кошой, Алманбет жана Барсбек каган, Тапу Алп сол, Мухаммед Кыргыз, ошондой эле Ормон хан, Осмон датка, Үмөталы, Ажы бий, Нүсүп бий, Алымбек датка, Алымкул аталык, Курманжан датка, Жаркынайым, Болот хан, Абдуллабек ж.б.у. улуу инсандар болуп саналат. Алар бүткүл калкты ар дайым кыймылга келтирип, бириктирип кыргыз элинин тарыхый татаал жолунда баш-көз болуп турган, бул дегенибиз кыргыз мамлекеттүүлүгүнүн, кыргыз элинин улуугун билдирет. Алар бизге «Кыргыз жери - Ата Мекен» деген түшүнүктү бизге калтырды. Кыргыз элинин жалпылыгын, элдүүлүгүн, мамлекеттүүлүгүн сактоодо акындардын ролу чексиз болгон, алар кыргыз элине идеялык жактан күч-кубат берип турган, алардын бири Жеңижок[2] акындын ырларында:

Башчысыз эл болсо да,
Баштуу элге тең болбойт.
Башчысы болсо акылдуу,
Башка элдерге жем болбойт.
Эстүү башчы элди ойлойт,
Эзелтен калган кыргызга,
Ээлеп келген Жерди ойлойт.
Ээлигип көөп кетпесе,
Элинде болгон кемди ойлойт.
Элиңден артык эл болбойт,
Элдүү адам кем болбойт.
Эстүү болсо эл башы,
Эссиздерге жем болбойт.

Кыргыз элинде «мамлекет» деген түшүнүк «эл» деген түшүнүк менен барабар, башкача айтканда бизге чейин мамлекет дегенди «Таптык коомдогу саясый бийиликтин уюму[3]. В. И. Лениндин сөзү менен айтканда: Мамлекет бир таптын экинчи бир тапка болгон үстөмдүгү.... » Биздин эл үчүн мамлекеттин өнүгүүсү, эл башчысына (президентке, губернаторго, акимге байланыштуу) экендигин байыртан сөз усталары, акылмандар айтып келген, ошондуктан акын Жеңижок айткандай эгер элди башкарган эстүү башчы башкарса, алар ар дайым карапайым калктын кызыкчылыгын көздөсө жана эл, жердин бүтүндүгүн ойлосо, кыргыз жеринин ыйыктыгын, кол тийгистигин жан дилинде сезсе, анда кыргыз эли мамлекеттигине ээ экендигин сезет дегенди билдирерин акын ырында баяндайт .Эгер мамлекеттик жетекчи каган же азыркы тил менен айтканда президент эл, жердин кызыкчылыгын ойлобосо, элдин ынтымагын ойлобосо жана жердин ыйыктыгын билгиси келбесе, жерди четинен сата берсе, ата-бабалардын каргышы тийет, туулган жерден эртедир кеч безип, качып тентийт деп ырында кабарлоодо, андан эң жаманы башкаруучу ээлигип, көөп кетсе, анда элдин каргышы тийерин, жети атасына жана жети тамырын каргыш уруп кетет деп акын Жеңижок баса белгилейт. Ал эми акын Токтогул ырларында XIX кылымдын аягы XX кылымдын башындагы кыргыз элинин мамлекеттүүлүгүн эл, жер түшүнүгү менен бирдей караган, анда ал ырларына назар салып көрсөк:

Сагынган менен бошотпой,
Сагындым кыргыз элимди.

[1] Гумилев А.Н. Этногенез жана жердин биочөйрөсү. Бишкек.,1999-ж.105-бет.
[2] Жеңижок. Бишкек.,2004-жыл. 245-бет.
[3] Краткий Политический словарь. М.,1983г.

Сары дарак жеримди,
Залимдер кести демимди.
Кара дарак жеримди
Кайрылып көрсөм дечү элем,
Калың кыргыз элимди[4].

Акындын ыр саптарында адегенде эле ал үчүн эң башкысы «кыргыз эли», арийне ага кыргыз элинен артык эл жок, кыргыз эли болсо, кыргыз жери болорун айтат, ошону менен катар эле ал үчүн кыргыз жери, кыргыз эли деген түшүнүктөр ажырагыс түшүнүк болуп саналат. Ар бир пенде үчүн туулган жердин топурагы алтын экендигин акын Токтогул кабар салууда. Анткени туулган жердин, элдин улуулугун билген кыргыз адамы эч качан элин, жерин душманга тепсетпейт экендигин акын Токтогул ырларында кабарлоодо. Аны менен катар эле элдик оозеки чыгармаларда акындар ошол доордогу болуп жаткан процесстерге болгон мамилесин ыр саптарында чагылдырат эмеспи Акын Токтогул[5] өзү Сибирге айдалып жатканда «Кош элим» деген ырында:

Келипсиң элим чогулуп,
Буулугуп турат букара
Муң айтуудан корунуп.

XIX кылымдын, башкача айтканда 1898-жылдын Анжиан көтөрүлүшүнөн кийин Токтогул көтөрүлүшкө идеолог катары катышкандыгы үчүн күнөөлөнүп кармалып жатканын баяндаса, ошол эле учурда орус колониалдык саясаты ар бир кыргыздын үнүн укпаганын, айрыкча карапайым калктын үнү эч кимге жетпегенин жана орус келгиндеринин оторчулук саясатынын азабын тартып, арыз муңу жетпей өз элинде, өз жеринде корунуп, кордолуп жатканын, мамлкеттүүлүгүбүз жок, кимге барарыбызды билбей калдык деп акын Токтогул айтып жатат.

Бул сыяктуу ыр саптарды Курманжан датка өзүнүн кошокторунда: Зиябидин Максымдар, Жок болгонго күйөмүн, Бий, бектердин, атылганына күйөмүн, деген ыр саптары элибиздин 1898-жылдары Шиберге туткундалып, куугунтукталып, соттолуп, жатканына, аларды элибиз коргой албай, мамлекетибизге ээ боло калгандыгыбызды кыргыз журтуна ыр саптары менен кабарлоодо.

Ал эми «Азапка түштү өмүрүм» аттуу [6]ырында :

Теңчилик кылып Күүнадыр
Текшерген жок арызымды.

Орусиянын колониалдык саясатынын күчөп турган учурунда биздин элди, жерди 1867-жылдан баштап генерал губернатордук[7] башкаруу киргизилгенин «Губернаторду - кыргыз тилинде ал мезгилде биздин кыргыз элибиз өз тилинде күүнадыр, жарым пашаа» деп айтышкан, ошондой эле жергиликтүү аймактарды уезддерге, болуштуктарга бөлүп башкарып келген. Биздин эл орус падышачылыгынын адмнистротивдик башкаруу ситемасынын негизинде элибиздин башкаруу аң –сезиминде болуш деген сөз, акырындык менен элдин төл сөзүнө айланып, волостук башкаруу-болуштук башкаруу деп атала баштаган.

Демек, кыргыз элинин ан –сезимдеринде колониалдык орус падышачылынын башкаруу су жан дилине сингенин мына ушул сөздөр ападышачылыктын колониалдык саясатын ар тараптуу кандай болгонун кабарлап турат. Жогорудагы ыр саптары кабарлагандай орус колониясынын мезгилинде кыргыз эли көз каранды, өз алдынча мамлекеттүүлүгү жок болгонун, менин арызымды ганамес, элдин да маселесин орус келгиндери, башкаруучулары укпаганын, жыйынтыгында ак жеринен камалганын акын Токтогул өз ырында кабарлоодо.

---

[4] Сатылганов Т. Токтогул. Ф.,1954-ж. 95-бет.
[5] Ушул эле эмгек. 35-бет.
[6] Токтогул. Ф.,1954-ж. 48-бет.
[7] История киргизской ССР. Том.2. Ф.,1986г. –С.101.

Элдик ырлар,  ар бир элдин тарыхы, ошону менен катар эле элдик ырлар аркылуу элибиздин эл катары калыптанышында акындардын ырлары эбегейсиз чоң болгон. Элдик оозеки чыгармаларда кыргыз мамлекетүүлүгүнүн калыптанышында акындардын жана элдик айтымдардын  жана ойлордун ролу узор мааниге эгедер болуп саналат.

**Колдонулган адабияттардын тизмеси:**


1. Гумилев А.Н. Этногенез жана жердин биочөйрөсү. Бишкек.,1999-ж.105-бет.
2. Жеңижок. Бишкек.,2004-жыл. 245-бет.
3. Краткий Политический словарь. М.,1983г.
4. Сатылганов Т. Токтогул. Ф.,1954-ж. 95-бет.
5. Ушул эле эмгек. 35-бет.
6. Токтогул. Ф.,1954-ж. 48-бет.
7. История Киргизской ССР. Том.2. Ф.,1986г. –С.101